# Шарыпбек Абдылдаев атындагы орто мектебинин кызматкерлерин моралдык жана материалдык жактан сыйлоо жөнүндө

# ЖОБО

1. **Жалпы жоболор.**

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин ведомстволук сыйлыктарын ыйгаруу - Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим чөйрөсүндө маанилүү жеке салым кошкон адамдардын сиңирген эмгегин баалоонун, таануунун, дем берүүнүн формасы болуп саналат.

2. **Жалпы маалымдоо**

Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 145-беренесинин, Кыргыз Өкмөтүнүн 2011-жылдын 31-майындагы №270 токтомунун негизинде мектепте ийгиликтүү иштеген кызматкерлерге моралдык жана материалдык сыйлоо, колдоо корсөтүү, мотивациялоо максатында иштелип чыкты.

Сыйлоо майрам күндөрүндө (мугалимдер күнүнө, акыркы коңгуроодо), чейрек жана жылдык иштин жыйынтыгы менен жүргүзүлөт.

3. **Сыйлоонун түрү:**

- Ыраазычылык баракчасы
- Акчалай сыйлык
- Баалуу белек менен сыйлоо
- Ардак грамота менен сыйлоо

4. **Сыйлоого көрсөтүү тартиби**

1. Сыйлыкка көрсөтүү секция ичинде талкууланып, ийгилик жараткан мугалимдердин кандидатуралары сунушталат.
2. Сунушталган мугалимдер администрация мүчөлөрү менен мектептин профкомунун катышуусунда талкууланып, педагогикалык кеңеште бекитилет.
3. Педагогикалык кеңештин чечими менен сыйлыкка көрсөтүлгөн мугалимдердин тизмелери тиешелүү жактарга жөнөтүлөт.

5. **Сыйлоонун критейлери:**

1. Ишин сапаттуу аткарса;
2. Ишине жоопкерчилик менен мамиле кылса;
3. Коомдук иштерге активдүү натыйжалуу катышса;
4. Окуучусу олимпиаданын (райондук, областтык, республикалык, эл аралык) женүүчүсү болсо;

5. Окуучусу ЖРТдан жогорку балл алса же алтын сертификаттын ээси болсо;
6. Окуу-тарбия процессинде алдынкы жаны методдорду практикада колдонсо жана кесиптештеринин арасында жайылтса.
7. Ар кандай долбоорлор менен иштеп, мектепке акча жана керектүү каражаттарды алып келсе;
8. Акыркы жылдардагы квалификациясын жогорулатуу курстарына катышуусу зарыл;
9. “Жыл мугалими” сынагына же башка кароо сынактарга катышуусу керек.

**6. Кайсы мекемелердин сыйлыктарына көрсөтүүгө болот:**

1. Мектептин “Ардак грамотасына”;
2. Кочкор айыл өкмөтүнүн “Ардак грамотасына”;
3. Кочкор райондук билим берүү бөлүмүнүн “Ардак грамотасына”;
4. Кочкор райондук мамлекеттик администрациясынын “Ардак грамотасына”;
5. Нарын облустук усулдук билим берүү округунун “Ардак грамотасына”;
6. КР Президентинин Нарын облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн “Ардак грамотасына”;
7. Билим берүү жана илим министрлигинин “Ардак грамотасына”;
8. “Билим берүүнүн мыктысы” төш белгисине;
9. Мамлекеттик жана башка сыйлыктарга.